## **Банктар аралык кредиттик ресурстар рыногу**

*(2016-жылдын июль айы)*

Өткөн айга салыштырмалуу кароого алынып жаткан мезгил ичинде коммерциялык банктардын банктар аралык рыногунда үстөк ликвиддүүлүгүнүн орто күндүк деңгээлинин 2,1 млрд сомго чейин (-4,0 пайызга) төмөндөшү байкалган.

Ошол эле мезгилде ички банктар аралык кредит рыногунда улуттук валютада гана бүтүмдөр келишилген. Мында, бул бүтүмдөр жылдык 5,3 пайыз (+1,8 п.п.) орточо алынган чен боюнча ишке ашырылган. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде ички рынокто өткөн айдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырмалуу улуттук валютадагы стандарттык бүтүмдөрдүн 3 эсе, 150,0 млн сомго чейин көбөйүшү байкалган.

**1-график. Ички банктар аралык кредит рыногунда операциялар көлөмүнүн жана пайыздык чендердин динамикасы**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде ички рынокто чет өлкө валютасында стандарттык бүтүмдөр келишилген эмес.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Улуттук банктын “овернайт” кредиттерине карата суроо-талап өткөн айдагыдай эле орун алган эмес. Мында, Улуттук банк коммерциялык банктардын 180,5 млрд сом суммасындагы (+1,6 пайыз) каражатын “овернайт” шартында депозиттерге жайгаштырган.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде кредиторлордун концентрациялануу индексинин 0,27; 0,56 чейин, ал эми дебиторлордун концентрациялануу индексинин 0,53; 1,00 чейин көбөйүшү байкалган. Мындай индекстердин мааниси рыноктун концентрациялануусунун жогорку деңгээлин көрсөтүү менен рынокто эки негизги кредитордун жана бир карыз алуучунун катышкандыгына дал келет.

**2-график. банктар-резидент эместер менен чет өлкө валютасындагы бүтүмдөр боюнча банктар аралык кредит рыногунда операциялар көлөмүнүн жана пайыздык чендердин динамикасы**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде банктар-резидент эместер менен чет өлкө валютасында келишилген кредиттик бүтүмдөрдүн көлөмү 65,2 пайызга, 472,5 млн сомго чейин төмөндөшү байкалган. Банктар-резидент эместер менен кредиттик операциялар боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен өткөн айдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырмалуу 0,02 п.п. көбөйүү менен 6,8 пайызды түзгөн.

**1-таблица. Улуттук валютадагы банктар аралык кредиттердин динамикасы (мөөнөттүүлүк боюнча)**

| Мезгил аралыгы | | Жалпы | | | Анын ичинде бүтүмдөр боюнча | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 1 күнгө ч-н | | 2-7 күн | | 8-14 күн | | 15-30 күн | | 31-60 күн | | 61-90 күн | | 91-180 күн | | 181-360 күн | | | |
| | | Көлөмү (млн. сом.) | Бүтүм саны | Чен (%) | Көлөмү(млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) |
| 2015 | 07 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 08 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 09 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 10 | 100,0 | 1,0 | 12,0 | | | | | | | | | 100,0 | 12,0 | | | | | | | | |
| | 11 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 12 | 798,2 | 6,0 | 11,2 | | | 490,0 | 11,0 | 240,0 | 11,0 | | | 68,2 | 14,0 | | | | | | | | |
| 2016 | 01 | 340,1 | 3 | 14,2 | | | 40,1 | 10,5 | | | 300,0 | 14,7 | | | | | | | | | | |
| | 02 | 390,0 | 2 | 12,7 | | | 290,0 | 13,0 | | | 100,0 | 12,0 | | | | | | | | | | |
| | 03 | 190,0 | 2 | 12,8 | | | | | | | | | | | 100,0 | 10,0 | 90,0 | 16,0 | | | | |
| | 04 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 05 | 170,0 | 2 | 12,2 | | | | | | | | | | | | | | | 170,0 | 12,2 | | |
| | 06 | 50,0 | 1 | 3,5 | | | | | | | 50 | 3,5 | | | | | | | | | | |
| | 07 | 150,0 | 3 | 5,3 | | | | | 100,0 | 3,5 | | | | | | | | | 50,0 | 9,0 | | |

**2-таблица. Коммерциялык банктардын репо операциялары (мөөнөттүүлүк боюнча)**

| Мезгил аралыгы | | Жалпы | | | Анын ичинде бүтүмдөр боюнча | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 1 күнгө ч-н | | 2-7 күн | | 8-14 күн | | 15-30 күн | | 31-60 күн | | 61-90 күн | | 91-180 күн | | 181-360 күн | | | |
| | | Көлөмү (млн. сом.) | Бүтүм саны | Чен (%) | Көлөмү(млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) |
| 2015 | 07 | 3924,3 | 84 | 8,3 | 1347,5 | 8,4 | 1965,5 | 8,2 | 590,6 | 8,2 | 20,7 | 9,0 | | | | | | | | | | |
| | 08 | 2057,8 | 38 | 6,7 | 578,5 | 6,3 | 1029,4 | 6,6 | 449,9 | 7,4 | | | | | | | | | | | | |
| | 09 | 807,3 | 24 | 6,5 | 530,6 | 6,1 | 276,8 | 7,3 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 10 | 521,3 | 23 | 8,9 | 140,5 | 8,2 | 254,5 | 8,7 | 126,3 | 10,0 | | | | | | | | | | | | |
| | 11 | 533,8 | 11 | 8,5 | 109,2 | 8,6 | 424,6 | 8,5 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 12 | 611,9 | 11 | 11,0 | 206,0 | 8,2 | 151,5 | 9,9 | 155,2 | 14,4 | 99,4 | 13,0 | | | | | | | | | | |
| 2016 | 01 | 1010,7 | 34 | 10,0 | 341,4 | 9,7 | 591,1 | 10,0 | 78,2 | 11,0 | | | | | | | | | | | | |
| | 02 | 870,9 | 23 | 11,3 | 77,0 | 8,6 | 646,8 | 11,5 | 147,1 | 11,7 | | | | | | | | | | | | |
| | 03 | 467,2 | 11 | 7,1 | 104,0 | 7,3 | 169,4 | 4,7 | 193,8 | 9,0 | | | | | | | | | | | | |
| | 04 | 475,2 | 8 | 2,1 | 5,9 | 2,0 | 64,8 | 1,5 | 307,4 | 2,4 | 97,0 | 1,5 | | | | | | | | | | |
| | 05 | 498,5 | 9 | 1,5 | 16,2 | 2,0 | 120,3 | 1,5 | 362,0 | 1,5 | | | | | | | | | | | | |
| | 06 | 135,1 | 3 | 1,1 | | | 69,5 | 1,3 | 65,6 | 1,0 | | | | | | | | | | | | |
| | 07 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |